**Изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» деген темада 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациялык жумушуна оппоненттик пикир**

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Каралып жаткан диссертациянын актуалдуулугу тар чөйрөдөгү адис окумуштуулар үчүн гана эмес, жалпы коомдун интелектуалдык катмары үчүн да эч кандай шек жаратпайт. Айтматов жалгыз эле кыргыз же советтик жазуучу эмес. Анын ысмы *"дүйнөлүк масштабдагы философ", "ааламдык жазуучу",* "ааламдын атуулу" «Гражданин Земного шара») –деген титулдар менен коштолуп айтылышы табийгый көрүнүш. Анын талантын планетардык масштабдагы чен-өлчөмдөрсүз түшүнүүгө болбойт. Анын чыгармаларынын каармандарынын көбү кыргыздар. Бирок, алардын адамдык сезим туйгулары бүт жер жүзүнүн адамзаты үчүн универсалдуу. Айталы «Саманчынын жолундагы» Толгонайдын монологу бүт дүйнө жүзүндөгү энелердин ичтен чыккан илептүү сезими сыягы туюлат. Айтматов XX кылымдын планетардык масштабдагы улуу ойчул гуманисти катары «бизди курчап турган дүйнөнүн маани-маңызы эмнеде жана анда адам баласы кандай орун ээлеп турат», "Канткенде адам уулу адам болот? - деген суроолордун үстүнөн дамамат ой жүгүрткөн. Аны адамдар өздөрүнүн биримдиги туралуу унутканы; адамзатты жарандык жана диний этникалык чыр чатактар туш туштан талап, глобалдык институттар зордук зомбулукка каршы турууга алсыздык кылып жатканы айрыкча тынчсыздандырган. Дүйнөдө калктар менен цивилизацияларды бириктирүүчү идеялар таңкыс болуп жаткан чакта адабияттын милдетин адамдарды бириктирүү –деп түшүнгөн. Айтматов ириде улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын тагдырын өз чыгармаларында таасын жана чебер таразалап жаш муундардын руханий баалуулктарынын булагына айландырууга аракет кылган. Айтматов чыгармалары аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктардын жарчысы катары "Биз болбосок да биздин

балдарыбыз «Мен планетанын адамымын, бул планетадагы бардык адамдар менин бир туугандарым» -деп айтканда гана биздин алтын тилегибиз ишке ашат». –деген ойду бекем карманган.

Айтматовдун адабий чыгармалары жана көз караштары бүтүн дүйнөлүк масштабда жалпы адамзаттык баалууктарды таануунун жана анын негизинде өзүн көз карашын өнүктүрүүнүн өзгөчө таасирдүү булагы катары кызмат кылып келе жатат. Ошондуктан Байтокова Айнура Сыйлашовнанын Айтматовдун чыгармаларын таалим-тарбия ишинин эң башкы субьекти болгон мугалимдердин кесиптик педагогикалык баалуулуктарынын компонентине айландыруу ниети менен аткарылган изилдөөсүн актуалдуу жана келечектүү багыт катары кароого толук негиз бар.

Диссертант тарабынан теманын иштелиш абалы тууралуу жүргүзгөн анализи кыргыз педагогикасында жогорку окуу жайлардын мындай өзөктүү муктаждыктарын канаатандыруучу рационалдуу билимдер толук иштелип чыга элек экендигин көрсөтүп олтурат. Диссертациянын предмети, максаты, милдеттери кыргыз педагогикасыда салыштырмалуу жаңы маселе каралып жаткандыгына ишеним жаратат.

1. **Изилдөөчү диссертациясында илим жана практика үчүн актуалдуу төмөнкүдөй натыйжаларды жарата алган.**

**1-натыйжа.** Диссертациянын I главасынын "Болочок мугалимдерде жалпы адамзаттык баалуулуктарды калыптандыруу – педагогикалык проблема катары" –деп аталган параграфында гуманитардык илимдердеги «баалуулук» (ценности), «жалпы адамзаттык баалуулук» түшүнүктөрүнүн маани-маңызы жана болочок мугалимдердик инсандык–кесиптик компетенттүүлүгүнүн компоненти катары айкындалып, такталган (1.1., 1.2. 11-46 б.б.). Автор илимдеги калыптанган түшүнүктөргө таянуу менен жалпы адамзаттык баалуулуктар – бардык адамдар үчүн баарынан жогору турган, аларды гуманисттик жактан бириктирүүчү эс тутумдун, көз караштардын, адеп-ахлактык, этикалык принциптердин жыйындысы" –деп тыянак чыгарган.

**2- натыйжа.** Диссертацияда болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата мамилесин жана түшүнүктөрүн талдоонун негизинде болочок мугалимдерде бул баалуулуктарды калыптандыруу заманбап мугалимдин кесиптик –педагогикалык компетенцияларынын зарыл жана маанилүү компоненти экендиги айкындалган. (2.2. 64-86 б.б);

**3- натыйжа.** Ч. Айтматовдун "Кыямат", "Кассандра тамгасы", "Тоолор кулаганда" сыяктуу романдарындагы диний ишеним, адам өмүрү, ыйманы, абийири, пейили, адамдын өмүрлүк теңине, мекенине жана жашоого болгон сүйүүсү, бул жашоодо эркин өмүр сүрүүсү, адеп-ахлагы, көз карандысыздык сыяктуу жалпы адамзаттык проблемалар жана баалуулуктар педагогикалык өңүттөн ачылып көрсөтүлгөн 2.3. 86-111 б.б);

**4- натыйжа.** Ч. Айтматовдун чыгармаларына таянуу менен болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталган жана алардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилип, практикалык сунушталган.(3.1., 3.2. 114 -150 б.б.)

2. **Иштин натыйжа-корутундуларынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли.**

**1-натыйжа.** «Баалуулук» (ценности), «жалпы адамзаттык баалуулук» түшүнүктөрүнүн маани-маңызы илимий-теориялык адабияттардагы көптөгөн көз караштарды, көркөм тексттерди жана ошондой эле аталган маселенин азыркы ааламдашуу доорундагы функцияларын талдоонун негизинде айкындалган.

**2-натыйжа.** Ч. Айтматовдун көркөм мурастарындагы жалпы адамзаттык түшүнүктөрдү педагогикалык жактан талдоонун методологиясы жана методдору иргелген, проблеманын изилденишин окуу программалары, окуу китептердеги маселеге тиешелүү материалдардын чагылдырылышы жана ошондой эле болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата мамилеси түшүнүктөрү талдоого алынган. Булардын негизинде маселенин теориядагы жана практикадагы абалы айкындалган.

**3-натыйжа.** Ч. Айтматовдун айрым романдарындагы жалпы адамзаттык баалуулуктар жазуучунун конкреттүү чыгармаларын б.а. “Фудзиямадагы кадыр түн”, “Касандара тамгасы”, “Кыямат” атуу дүйнөгө таанымал романдарын педагогикалык өңүттөн талдоо аркылуу ачылып көрсөтүлгөн.

**4-натыйжа.** Болочок мугалимдердин Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруунун жолдорун жана педагогикалык шарттары адекваттуу методологиялык принциптер жана методдор аркылуу эксперименттин негизинде текшерилген.

3. **Илимий натыйжалардын (жоболордун) жана корутунду-тыянактардын жаңылык деңгээли.**

**1-натыйжа.** *Жарым жартылай жаңы.* «Баалуулук» (ценности), «жалпы адамзаттык баалуулук» түшүнүктөрүнүн маани-маңызы илимий-теориялык адабияттардагы мурдагы башка окумуштуулардын көз караштарын толуктап турат.

**2-натыйжа.** *Жаңы.* Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарга карата маилеси жана түшүнүктөрүнүн абалынын натыйжалары туралуу маалыматтарды бул маселе туралуу жаңы илимий билим таризинде кароого болот.

**3-натыйжа.** *Жаңы.* Автор тарабынан талдоого алынып айкындалган кубулуштарды Ч. Айтматовдуу педагогикалык өңүттөө таануу багытындагы илим тармагы үчүн жаңы билимдер курамы катары баалоого болот.

**4-натыйжа**. *Жаңы.* Илимий негизге таянылып жүргүзүлгөн педагогикалык тажрыйбалардын натыйжатары иштин божомолунун ырастыгын далилдейт жана болочок мугалимдердин Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу процессин өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт ж.б.

**4. Иштин теориялык жана практикалык милдеттеринин чечилишинен алынган натыйжатардын багытын баалоо.** Изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы

адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши азыркы кыргыз педагогикасындагы актуалдуу проблемалардын бирине арналып, изилдөөнүн ички биримдиги жана ырааттуулугу сакталган. Иштин темасына, максаты менен милдеттерине ылайык каралуучу маселелер логикалык ырааттуулукту кармануу менен аткарылып, бардык милдеттер аткарылган. Бардык иш-аракеттер максатты ишке ашырууга багытталган.

**5. Алынган натыйжатардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөнүн натыйжасында алынган теориялык натыйжатар төмөндөгүдөй чөйрөлөрдө колдонулушу мүмкүн:

- Мугалимдин кесиптик –педагогикалык компетенттүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүн өркөндөтүүдө;
- Жогорку окуу жайларда педагогика дисциплиналарынын программалык тематикалык мазмунун, ресурстук булактарын өркүндөтүүдө;
- Мугалимдердин кесиптик квалификациясын өркөндөтүү багытындагы институттардын ишмердүүлүгүндө;
- Айтматовдын чыгармаларынын негизинде педагогикалык багыттагы дипломдук, магистрдик диссертацияларды жазууда.

**6. Алынган натыйжалардын ички биримдиги жана актуалдуу проблеманы, милдеттерди чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч.Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аттуу темадагы диссертациясында алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ. Практикалык сунуштар текшерилген теориялык жоболорго негизделген. Диссертация Кыргызстанда бул проблемага арналган жаңы изилдөөлөрдүн катарына кирет. Диссертация белгиленген проблема боюнча ички биримдикке ээ жана бир катар жаңы илимий натыйжаларды жана жоболорду камтыйт. Бул изденүүчүнүн кыргыз педагогикасына кошкон жеке салымын тастыктайт.

7. **Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жарыялангандыгын тастыктоо.**

Изилдөөнүн багыты боюнча бардыгы 10 макала жарыяланган. Автордун илимий илимий-методикалык эмгектери изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

8. **Авторефераттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши**.

Изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» деген темадагы темадагы 13.00.01 - жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча авторефераттын мазмунуна негизинен дал келет. Авторефераттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

9. **Диссертацияда орун алган айрым айрым мүчүлүштүктөр.**

1. Изилдөөнүн темасы жана предметиндеги түйүндүү түшүнүктөр диссертациянын айрым методологиялык мүнөздөмөлөрүндө жана структуралык аталыштарында ачык жазылбай калган. Алсак, коргоого коюлган жоболордун 1, 2, 4 пункттары Ч.Айтматовдун чыгармаларына негизделгендиги белгиленбей калган. Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын өлчөө жана баалоо боюнча анкета суроолору да Ч. Айтматовго тике байланыштырылса жакшы болмок.
2. Көркөм чыгарманы педагогикалык билим жана каражат катары колдонуу анын спецификалык өзгөчөлүктөрүн кылдат эске алууну талап этет. Диссертацияда автор тарабынан бөлүнүп көрсөтүлгөн жалпы адамзаттык баалуулуктар тууралуу түшүнүктөрдүн көпчүлүгү чыгармаларда каармандардын образында, анын иш аракетинде

турмуштук окуяларда, өзүнө болгон мамиледе, адамдарга жана жалпы эле дүйнөгө болгон көз карашында байкалат. Тилекке каршы жалпы адамзаттык баалуулуктарды ташыган образдарды талдоо диссертациянын текстинде өтө сейрек, ал эми авторефератта учурабайт.

3. Диссертациянын милдеттерин ишке ашыруу үчүн эксперименталдык база катары тандалган башталгыч класс мугалимдерин даярдоочу мекемелердин окуу программаларында Ч. Айтматовдун жалпы адамзаттык баалуулуктарды чагылдырган чыгармалары кеңири орун алган. Автор тарабынан ал мүмкүнчүлүктөр калыптандырууучу эксперименталдык жумуштардын алкагында орду менен колдонулса изилдөөнүн натыйжаларынын бааллуулугу дагы артмак.
4. Диссертациянын глава, параграфтардын аталышында жана резюме бөлүктөрүндө орунсуз тариздемелер жана стилистикалык мүчүлүштүктөр арбын кездешет.

10. Жалпысынан изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовнанын «Болочок мугалимдердин жалпы адамзаттык баалуулуктарын калыптандыруу (Ч. Айтматовдун чыгармаларынын үлгүсүндө)» аттуу педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын диссертациялык изилдөөлөргө коюлуучу талаптарына ылайык келет. Ал эми изденүүчү Байтокова Айнура Сыйлашовна 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына татыктуу деп эсептөөгө болот.

**Расмий оппонент:**

**Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин**
**профессору, педагогика илиминин**
**доктору** **Алимбеков А.**